**Бишкек шаарынын №11 орто мектебинде 01.10-28.10.2022-жылы**

**өткөрүлгөн кыргыз тили жана адабияты предметинин бир айлык планынын отчету**

Бишкек шаары боюнча  октябрь айы кыргыз тили жана адабияты предметинин  айы деп белгиленгендиктен,”Филолог” УБ нын мүчөлөрү менен бирдикте иш план түзүлдү.Максаты:мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүн көрсөтүү. Бул ишке 5-11-класстын окуучулары активдүү катышты.5-класстар “Адабият каармандары- сүрөттө” аталыштагы сүрөттөрдү тартышты.Аны  Казыбекова М.М,Туралиева Б.Э жетекчиликке алышты.6-класстар арасында “Китеп-билим булагы” сынагы болуп окуучулар кыргыз акыны А.Осмоновдун “Толубай сынчы” поэмасы боюнча тесттик текшерүүдөн отүштү.Андан  кыргыз классы боюнча 6-а классынын окуучусу Сманкулова С 1-орун,2-орун 6-б классынын окуучулары Муканов А,Бегибаева Т,6-а классынын окуучусу Чаргынбаев Б жана 6-б классынын окуучусу Токтобаева А 3-орунду жеңип алышты.Аларга класс жетекчилер ,ата-энелер демөөрчү болушуп,китеп белекке беришип,грамоталар менен сыйланышты.7-а,б,в,д классынын 5 окуучудан түзүлгөн топтору “Акыл таймаш”интелектуалдык оюнга катышып,берилген тапшырмаларды аткарышып,1-орун 7б,2-орун 7д,3-орун 7-а,4-орун 7в классы татыктуу болушту.Жеңүүлөр грамота менен сыйланышты.Бул иш чарага мугалимдер Кошоева Ж.Д,Талипова Г.Н жооптуу болушту.Мугалим Нуридин к К 8-класстын окуучулары менен “Улуу окумуштуу-тилчилер” деген слайд жасады.9-классынын мыкты окуучулары “Ата Журт кабылганда кыйын күнгө,айлансын ар бир уулуң чагылганга”деген темада дилбаян жазышты.Андан кийин 6-в классына мугалим Талипова Г.Н “Сурама ,таңгыч ат атоочтор “деген темада класстык жана топтук формада ачык сабак өттү.Сабак коюлган максатына жетти.Окуучулар активдүү катышышты.5-в класста мугалим Жунушова Р.Т “Зат атоочтун барыш,жатыш жөндөмөлөрү” деген темада окуучуларды 2 топко бөлүү менен кызыктуу  жана жандуу ачык сабак өттү.Эки мугалим тең МКТнын элементи болгон quizizz платформасын колдонушуп,онлайн тестти өткөрүштү.Жаш адис Нуридин к.К кыргыз адабиятынан 10-класска “Үч залкар”аталышындагы ачык сабак өттү.Сабак максатына жетти.Сунуштар-пикирлер айтылды.

Кыргыз тили жана адабияты предметинин бир айлыгы “жакшы”деп бааланды.

“Филолог”УБнын жетекчиси: Кошоева Ж.Д